Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигине
№3 Райишбек Алибаев атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору П.М Саримсаковдан

# Арыз

Аккредитацияны өткөрүүнү суранам: №3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби

Укуктук формасы: Мекеме

Менчик формасы: Мамлекеттик

Юридикалык дареги: Ноокен районундагы №3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби

Жайгашкан жери: КРнын Жалал-Абад областы,Ноокен району Масы айылы

Идентификациялык номери (ИНН): 02509200310502

Юридикалык жактын КОД, ОКПО: 22453558

Юридикалык жактан катталган күнү: 25.09-2003- жыл

Аккредитациялоо үчүн билим берүү программалары.

1. Жалпы билим берүү: негизги жалпы, орто жалпы.
2. Байланыш телефону: (03734) 5-05-21 996 556 36 92 93, 996 0778 85 03 41
3. Билим берүү мекемесинин электрондук почтасы: csh3_alibaev.r_kg@bk.ru

Аккредитация боюнча маалыматтарды электрондук формада жөнөтүүнү суранамын: Ооба

Толтурулган күнү 10-январь 2018-жыл

Мектеп директору: ________________ П.М Саримсаков

№3 Райишбек Алибаев атындагы орто мектебинин

Аккредитациялоодон өтүү үчүн арызга төмөндөгү документтер

тиркелет:

- Билим берүү уюмунун Арызы

- Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча маалымдаама

- Юридикалык жактан мамлекеттик каттоосу жөнүндөгү күбөлүктүн көчүрмөсү

Юридикалык жактан билим берүү ишин караган уставынын

көчүрмөсү

- Билим берүү уюмунун 2017-2018-окуу жылына карата окуу планынын көчүрмөсү
- Билим берүү уюмунун портфолиосу

№3 Райишбек Алибаев атындагы
жалпы билим берүүчү орто
мектебинин директору: Саримсаков П.М

**Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы**

**№3 Райишбек Алибаев атындагы билим берүүчү орто мектебинин өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча**

# МААЛЫМДАМА

**Масы айылы.** **Январь 2018-жыл.**

Ноокен районундагы №3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби планы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын 40-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Негизги жана орто жалпы» билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө 2017-жылдын 16-июлундагы №381- токтомун негиз кылып, 2017-жылдын 27-ноябрынын 26-декабрына чейин мектептин статусун тастыктоо максатында минималдуу талаптары боюнча экспертиза жүргүзүлдү.

## 1. №3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеп жөнүндө жалпы маалымат.

- Мектеп 1968-69-окуу жылында “Октябрь 50 жылдыгы” атындагы 8 жылдык негизги мектеп болуп өзүнүн ишмердүүлүгүн баштаган. 1974-жылы жаңы курулган имаратка көчүп орто мектепке айландырылган. Эл депутаттарынын райондук кеңешинин 20.12-1991- жылкы №15 -чечими менен “Наваи”,14.05-1998-жылкы №8 -чечими менен Райишбек Алибаев атындагы орто мектеп болуп аталган.
- Мектептин толук аталышы: №3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеп
- Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад областы, Ноокен району, Масы айыл өкмөтү, Масы айылы, Сорокин көчөсү №36

## 2. Мектеп төмөндөгү нормативдик–укуктук документтердин негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

- Жалал-Абад областтык юстиция тарабынан бекитилген уставы жана күбөлүктүн негизинде 25.09.2003-жылдан баштап, (күбөлүк №001948 ГПЮ каттоо номери 107264-3303-У-е, ИУЖК коду 22453558) ишмердүүлүгүн жүргүзөт.
- Ноокен райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген, окуу планы жана штаттык бирдигинин негизинде..

***Өзүн-өзү баалоо комиссиясы мектептин ишмердүүлүгүн, өзүн-өзү баалоо боюнча документтерди карап чыгып, текшерүүдө төмөндөгү аспекттерге көңүл бурду.***

1. Жалпы билим берүү мамлекеттик билим берүү стандарттардын талабын аткаруу.
2. Мектептин ички документациялары:
   - базистик окуу планы, билим берүү программалары жана класстык журналдар.
3. Билим сапатын көтөрүүдө ички көзөмөл системасын, жетекчиликтин текшерүү иштерин.
4. Адистер менен камсыз болушу, алардын квалификациясынын деңгээли. (сабактарга катышуу, инновациялык жана эксперименталдык ишмердүүлүгү боюнча).
5. Билим берүү процессинде маалыматык-техникалары менен камсыз болушу:
6. Тарбиялык иштердин системасы;
7. Материалдык-техникалык базасы.

Өзүн-өзү баалоо комиссиясы экспертиза жүргүзүүдө өзүн-өзү баалоонун материалдарын, окуу документацияларын, окуучулардын билим деңгээлин билүү үчүн тест жана текшерүү иштерин алышты.

Өзүн-өзү баалоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

| № | Төмөнкү талап | Маалымдама |
|---|---|---|
| 1. | Сапаттуу билим берүүгө коюлган минималдуу талаптар. | Ноокен районундагы №3 Райишбек Алибаев атындагы билим берүүчү орто мектеби юридикалык жак болуп эсептелип башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүүнү, билим берүү мыйзамдарды жетекчиликке алып, ишке ашырат.<br>Мектептин стратегиялык милдеттери окуучуларды чыгармачылык менен өнүктүрүү, инсанды социалдык жактан көндүрүүгө окутуп, тарбиялоого багытталып, 2012-2020-жылдарга чейин Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын планына ылайык жана Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн «Таза коом» программасынын алкагында түзүлгөн.<br>Мектептин миссиясы стратегиялык жана азыркы түзүлгөн пландын негизинде билим берүү жана анын күтүлүп жаткан жыйынтыгы боюнча камтылган.<br>Башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүү этаптарында окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана |

| | | |
|---|---|---|
| | | өзүн-өзү көзөмөлдөө шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандыруу боюнча талаптары коюлган. Окуу пландары, алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдер менен иштелип чыгылган. |
| 2. | Мониторингди иштеп чыгууга жана билим берүү программасын мезгили менен баалоого коюлган минималдуу талаптар. | Жалпы билим берүүчү орто мектебинин билим берүү программасынын мазмуну мамлекеттик билим берүү стандартына дал келет. Жылына окуучулардын билимин текшерүү үчүн алардын билим деңгээлин билүү максатында мониторинг жүргүзүлүп, тесттер, жазуу иштери, контролдук иштер жана предметтерден мугалимдер тарабынан зачеттар алынат. Окуучулардын класстар боюнча жыйынтыктоочу баалары анализ кылынат. 5-8,10 класс окуучуларынын класстан класска көчүрүү сынактары , 9 жана 11-класс окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялары , 9-11-класс окуучуларынан улуттук тест борбору тарабынан алынган тесттер окуучулардын билим сапатын текшерүү үчүн негиз болот.<br>Жалпы билим берүүчү орто мектебинде окутуунун базистик окуу планынын негизинде жүргүзүлөт.<br><br>Регламент боюнча сабактар 45 мүнөт, алардын ортосунда дем алуу 5 мүнөт, чоң эс алуу 3 -сабактан кийин 10 мүнөт.<br>Окуучулар 2 сменада окушат.<br>1- смена саат 8-00 башталып, 13-00 га чейин.<br>2-смена саат 13-20 да башталып 18-20 чейин.<br>Кыш айларында<br>1- смена саат 8-30 башталып, 13-30 га чейин.<br>2-смена саат 13-30 да башталып 18-30 чейин.<br><br>(окуучулардын саны акыркы 5 жылдык маалыматы тиркемеде көрсөтүлгөн.)<br>Каникулдардын графиги Базистик окуу планындагы түшүндүрмө катында көрсөтүлгөн мөөнөттө өткөрүлөт. |
| 3 | Окутуунун компоненттүүлүгүнө жана окуучулардын жетишүүсүн баалоого коюлган минималдуу талаптар | Мектептеги окуучулардын билимдери 5 (беш) балддык система менен бааланат. Окуучулардын билимдерин баалоо мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берет. Мектепдин усулдук кеңеши тарабынан мамлекеттик стандартка ылайык окуучулардын билимдерин баалоо критерийлери иштелип чыккан. Окуучулардын билимдерин баалоодо шыктандыруу ыкмасы, башталгыч класстарда жылдызчалар менен баалоо ж.б. ыкмалар колдонулат. Жогорку класстарда баалоонун көптөгөн техникаларынан пайдаланышат.Класстык журналдагы баалар окуучулардын |

| | | |
|---|---|---|
| | | күндөлүктөрүнө коюлган, ар жуманын аягында ата-энелердин жана класс жетекчилердин кол тамгалары коюлуп тиешелүү эскертүүлөр жазылган. Окуучулардын чейректик билим сапаты боюнча жыйынтыктар мектептин атайын доскасында илинген.<br>Мектептин өзүн-өзү баалоо процессинде комиссия бардык предметтер боюнча акыркы үч жыл боюнча анализ жүргүзүштү. Анализ көрсөткөндөй окуучулардын билими өткөн жылдардагы көрсөткүчтөргө дал келгендигин белгилешти. Эң жакшы билимдин сапаты жогорку болгон төмөндөгү предметтер болду.<br><br>**Кыргыз тили - 55 %**<br>**Физика -52%**<br>**Математика - 41 %**<br>**Тарых - 50%**<br>**Өзбек тили - 45%**<br>**География -49%**<br>**Башталгыч класстар - 47%**<br><br>Гуманитардык багытта, так илимдер багытында окутуп жаткан мугалимдер сабактарында технологияны пайдалануу менен жазуу иштерин оозеки сүйлөөсүнө жана логикалык ой-жүгүртүүсүнө көңүл бурушат.<br>Сабактарында техникалык каражаттардан, интернеттен пайдаланып, интерактивдүү усулдар менен кызыктуу сабактарды өтүшөт. Алардын катарына кыргыз тили мугалими Карабаева С, математика мугалими Режавалиева М ,орус тили мугалимдери Сабиржанова Р жана АбдуллажановаМ , физика мугалими Маруфов О,тарых мугалими Хаджимурзаева Я,география мугалими Абдуманнапова М,башталгыч класс мугалими Бекмурзаева Р. Мирзакулова Ш жана башкаларды кошууга болот.<br>Окуучулар гуманитардык жана так илимдер багытындагы предметтерди окууга кызыгышат. Мектептин методикалык кеңешмесинде 5 усулдук бирикме иш алып барат.<br>Метод бирикмесинин негизги иши болуп окуп үйрөнүү, тажрыйбаны жайылтуу, тажрыйба алмашуу, мугалимдерге методикалык жардам берүү болуп саналат.<br>Мектептин методикалык бирикмеси эки багытта иш алып барат:<br>- Теоретикалык, практикалык семинарларды өткөрүү.<br>Тегерек стол, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өстүрүү жана колдоо боюнча.<br>- Окутуунун инновациялык методун жайылтуу. |

<table>
<tr>
<td>4</td>
<td></td>
<td>

Бардык методикалык бирикмелер предмет боюнча окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү проблемасында иш алып барышат.

Эң алдыңкы методикалык иштердин иштелмелерин иштеп чыгышып, мугалимдерге таркатышат. Методикалык жардам берүүдө башкы ролду мектептин ички текшерүүсү ээлейт. Текшерүүнүн жыйынтыгында кайсыл мугалимге методикалык жардам керек экендиги аныкталат.

Мектептин ички көзөмөлү пландуу жүргүзүлөт. Анда каралуучу маселелер сабактардын окутулушунун абалдары, окуучулардын билиминин жыйынтыктары ж.б.

Окуучулар предметтер боюнча мектептик, райондук олимпиадаларга активдүү катышышат. Катышкан окуучулардын көпчүлүгү байгелүү орундарды камсыз кылышат. Окуу тарбия иштери мезгил талабына жараша уюштурулгандыгынын натыйжасында бир топ ийгиликтерге жетишүүдө. Атап айтканда акыркы 4 жылда төмөнкүдөй олимпиадалык көрсөткүчтөргө ээ болдук.

<table>
<tr><th>Байгелүү 1,2,3 орунга</th><th>2013-2014</th><th>2014-2015</th><th>2015-2016</th><th>2016-2017</th><th></th></tr>
<tr><td>Райондук</td><td>4</td><td>7</td><td>2</td><td>5</td><td></td></tr>
<tr><td>Областтык</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Республикалык</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

Жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы жаман эмес. “АКСЕЛС” тарабынан өткөрүлгөн тест сынагында:

2013-2014-окуу жылында жогорку балл 112 балл болду.<br>
2014-2015-окуу жылында жогорку балл 98 балл болду.<br>
2015-2016-окуу жылында жогорку балл 94 балл болду.<br>
2016-2017-окуу жылында жогорку балл 128 балл болду.<br>
2016-2017-окуу жылында 13 окуучу катышып, 50% 110 баллдан жогорку баллдарга ээ болушуп, жогорку окуу жайларга окууга кирүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

***(Окуучулардын билим сапаты, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик бүтүрүү аттестациялоонун жыйынтыктары тиркелди).***

</td>
</tr>
<tr>
<td>4</td>
<td>Окуучуларды кабыл алууга, окуучулардын билиминин жыйынтыгына</td>
<td>

Мектептин материалдык-техникалык базасы талапка жооп берет. Мектептин имараты 2 кабаттан туруп 4183 $м^2$ аянтка ээ. Ар бир окуучуга 6,5 $м^2$ туура келет.

Окуучулардын саны:<br>
2015-16- окуу жылыда 581

</td>
</tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | жана бүтүрүүчүлөргө коюлган минималдуу талаптар. | 2016-17-окуу жылынжа 613,<br>2017-18-окуу жылында 639 .<br>Окуу процесси жалпы билим берүүчү орто мектеби үчүн түзүлгөн базистик окуу планын негизинде жүргүзүлөт. Окуу планы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 23-августундагы №1110/1 буйругу менен бекиткен.<br>Үстүбүздөгү 2017-2018- окуу жылында 27 класс комплекттелген.<br>**0-4-кл 13 класс - 325 окуучу**<br>**5-9- кл 11 класс - 252 окуучу**<br>**10-11-кл 3 класс - 62 окуучу**<br>0-класстар 480 сааттык даярдоо программасынын негизинде окутулат.<br>0-11-класстарда бардыгы болуп 639 окуучу таалим тарбия алып жатышат. Окуу чейрегинин графиги базистик окуу планын түшүндүрмөсүндө көргөзүлгөн убакыттарга белгиленген. Окуучулар сабактан тышкары өз кызыгуулары боюнча ийримдерге катышышат. Алардын ийримдерге катышуусу жалпы окуучулар санынын<br>20 %тин түзөт.<br>**Өзүн-өзү баалоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү жыйынтыктайт:**<br>Мектептин иштөө тартиби, сакталган. Сабактын жүгүртмөсү санитардык-гигиеналык эрежени эске алып,<br>5 күндүк жана 9-класстар үчүн 6 күндүк иш күнгө түзүлгөн. Окуу жүктөмү нормага ылайык берилген. Ийримдер боюнча жүгүртмө түзүлгөн. Бөлүп окутуу КР билим жана илим министрлигинин 2017-жылдын 23-августундагы №111 0/1 буйругу менен бекитилген окуу планы жана анын түшүндүрмө катынын негизинде жүргүзүлөт. |
| 5 | Педагогикалык жана окуу жардамчы курамына коюлган минималдуу талаптар. | Мектептин педагогикалык жамааты 36 мугалимден турат.<br>Эл агартуусунун отличниги - 2<br>КРнын Билим берүү ж\а илим министрлигинин<br>ардак грамотасы менен – 3 мугалим сыйланган<br><br>Ар бир мугалим өз предметин жетиштуу денгээлде билет.<br>Негизги көңүл мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга бурулат.<br>Мугалимдер областтык методикалык борборго жана Ош мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтуна графиктин негизинде курстарга жөнөтүлүп турат. Курстарга барган мугалимдердин үлүшү 11,6% ти түзөт. Андан тышкары райондук, мектептин методикалык бирикмелери тарабынан өткөрүлгөн семинарларга катышышат.<br>*(Тиркеме3. Квалификацияны жогорулатуунун* |

| | | |
|---|---|---|
| | | *перспективалык планы)* |
| 6 | Мектептин материалдык-техникалык , маалымат ресурстарына коюлган минималдуу талаптар. | Азыркы учурда мектепте 16 кабинет талапка ылайык, 2 кабинет кошумча жабдылган жана паспорттоштурулган, физика кабинети – 1, химия-биология-1, математика -1, кыргыз тили жана адабияты - 2, орус тили жана адабияты - 2, англис тили - 1, тарых -1, география -1, компьютердик класс -1,өзбек тили жана адабияты-1, башталгыч класстар -6. Химия жана физика кабинеттер техникалык коопсуздукка ылайык жабдылган. Кабинеттердин лабораторияларында химиялык, физикалык приборлор жетишерлик деӊгээлде эмес. Мектеп окутуунун техникалык каражаттары менен камсыздалган. Алардын катарында 6 телевизор, 6 DVD, жана башка техникалык каражаттар дайыма жумушчу абалда сакталат. Билим сапатын жакшыртуу максатында 15 окуу кабинеттерине видеокөзөмөл орнотулган. Мектепте 6 компьютер,бир түстүү принтер, 1 принтер дайыма иштеп турат.<br><br>Бардык окуу бөлмөлөрүндө жаш өзгөчөлүгү боюнча мебел, класстык доскалар менен камсыздалган, бирок китеп шкафтарынын абалы начар .<br>Мектеп интернет менен туташтырылган. Интернетке улануу менен педагогдор жана окуучулар окуу ишмердүүлүгүнө пайдаланууга шарттарды түздү.<br>Мамлекеттик стандартты чыңдоо боюнча керектүү болгон окуу методикалык жана маалымат ресурстарын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги койгон талаптарга жооп берет.<br>Мектептин китеп фондусу 12191 даана, анын ичинен көркөм китептер 2575, методикалык китептер 686, окуу китептер 8419. Гуманитардык жардамга келген окуу китептер 440 даана.Даярдоо класстардын окуучулары үчүн ойюнчуктар топтому 71 даана.<br><br>***(4 тиркеме: Мектептин инфраструктурасын жана имаратты жакшыртуу боюнча долбоорлор жөнүндө).*** |
| 7 | Маалыматты башкаруу жана аларды коомчулукка жеткирүү боюнча | Жалпы билим берүүчү орто мектеби өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө, билим берүү программалары боюнча маалыматты маал-маалы менен коомчулукка билдирип турат.<br>1) Өзүнүн билим берүү максатына жетүү жана план түзүү үчүн маалыматты чогултуу, системалаштыруу, жайылтуу |

| | | |
|---|---|---|
| | минималдуу талаптар. | жана сактоо иштерин жүргүзүп келе жатат.<br>Алар:<br>- окуучулардын контингенти жөнүндө,<br>- окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу,<br>- окуу программасынын жыйынтыгы ата-энелердин өзүнүн балдарын жетишүүсү жөнүндөгү маалыматы,<br>- предметтик олимпиаданын, конкурстардын спорттон жетишкендиктеринин жыйынтыктары.<br>2) Коомчулукка төмөндөгү маалыматтарды жеткиришет:<br>- миссияны<br>- билим берүү максатын<br>- окутуунун күтүлүүчү жыйынтыктарын<br>- окутуунун формасын жана каражаттарын<br>- баалоо эрежелерин<br>- жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгын<br>.<br>***Мектеп өзүнүн ишмердүүлүгүн “Жалал-Абад тонги”, гезити аркылуу жарыялап келе жатат.*** |

Билим берүү процессин мындан ары өркүндөтүү, окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн өзүн-өзү баалоо комиссиясы

## СУНУШ КЫЛАТ:

1. Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, мындан ары окутуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүү жагын улантуу.
2. Азыркы мезгилдин талабына ылайык, компьютерлерди көбөйтүү, жаңылоо, интерактив доска,мультимедия проектору,лабораториялык жабдуулар менен камсыз кылуу,окуучулар жана мугалимдер үчүн мебелдерди жаңылоо боюнча пландуу иштерди алып баруу.
3. Китеп фондусун жаңылоо жана толтуруу.
4. Мугалимдердин өз билимдерин өркүндөтүүсүнө көңүл буруу жана графиктин негизинде курстарга жөнөтүп туруу.
5. Мектептин методикалык бирикмелерин ишин жандандыруу.
6. ЖОЖдор менен кызматташууну андан ары улантуу.
7. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.
8. Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу жана окуучулардын коопсуздугун сактоо боюнча пландуу иштерди алып баруу.

## ЖЫЙЫНТЫК

№3 Райишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ишмердүүлүгүн ар тараптан карап чыгып,

- Окуу тарбиялык иштердин абалы

- Тесттин жыйынтыгы боюнча окуучулардын билим деңгээлин жетишкендиктерин
- Адистер менен камсыздалышы
- Материалдык-техникалык базасын жана финансы-чарбалык ишмердүүлүгүн

Мектептин перспективалык өнүгүүсүн карап чыгып, аккредитациялоо комиссиясы төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди.

1. Мектептин ишке ашырылып жаткан ишмердүүлүгү билим берүүнүн I-III баскычтары окутуунун мамлекеттик стандартына жооп берет.
2. Окуу-процессин жүргүзүүгө шарт талапка жооп берет жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоого жеткиликтүү шарттар бар экендигин белгилейт.

№3 Ройишбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы орто билим берүү программаларын реализациялоо боюнча өзүн-өзү аккредитациялоодон өткөрүү жөнүндөгү документтер Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин лицензиялоо жана аккредитациялоо башкармалыгынын алдындагы эксперттик комиссияга жөнөтүлсүн .

.

Өзүн-өзү баалоо комиссиясы мүчөлөрү:

Комиссиянын төрагасы
мектеп директору: П.М Саримсаков

Төраганын орун басары
окуу бөлүмүнүн башчысы: Р.Н Хаджимирзаева
Тарбия иштери боюнча
директордун орун басары: З.И Камбарова
Профкомдун төрайымы: Н.А Маруфова
Мектептин соц.педагогу: М.М Абдуллаева
Тилчилер усулдук бирикмесинин
жетекчиси: М.М Абдуллажанова
Башталгыч класстар усулдук
бирикмесинин жетекчиси: Р.Н Бекмурзаева
Информатика мугалими: М.Режабалиева
Ата-энелер комитетинин
төрагасы: С.Абдуллаев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

Жалал-Абад областтык юстиция башкармасы

каттоочу органдын аталышы

# ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

107264-3303-У-е
каттоо номуру

22453558
ОКПО коду

Жалал-Абад шаары

«21» май 2012-жыл

02509200310502
Идентификациялык салык номуру

**Юридикалык жактын аталышы:**
№3 Райымбек Алибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби.

**Уюштуруу-укуктук формасы:** мекеме

**Менчиктин түрү:** муниципалдык.

**Юридикалык жактын жайгашкан жери:**
Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Масы айылы, Сорокина кочосу, 36.

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы:** 25 сентябрь 2003 жыл.

сериясы ГПЮ

№ 001948

Башчы
жетекчиси

А. Калмаматов
аты, фамилиясы

«Бекитемин»
Ноокен райондук билим
Берүү бөлүмүнүн башчысы:
_______________ О.Шеров
«12» 05 2012-жыл

# Жалал – Абад областынын Ноокен районундагы Масы айыл округуна караштуу Р. Алибаев атындагы №3 жалпы билим берүүчү орто мектебинин

# У С Т А В Ы

Жалал – Абад областынын Ноокен районундагы Масы айыл округуна караштуу Р. Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруучу орто мектебинин

# УСТАВЫ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1. Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 орто мектеби Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына, «Билим беруу жонундогу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык «Жалпы билим беруу уюму жонундогу типтуу жобонун» негизинде билим беру мекемеси катары мындан ары Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын, ченемдик актыларынын жана ушул уставдын негизинде ишмердуулугун жургузот.**

**1.2 Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруу орто мектеби ар бир жарандын милдеттуу жана акысыз баштапкы жана негизги билим алуусун, мамлекеттик билим беруу стандарттарынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандардын жондомуно, чыгармачылык мумкунчулугуно жараша сапаттуу билим алуусун иш жузуно ашыруучу билим беруу мекемеси болуп эсептелет.**

**1.3 Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруучу орто мектеби окуу – тарбия, илмий педагогикалык иштерди жургузуудо юридикалык укукка мыйзам чегинде оз алдынчалуулукка, гербдуу моорго, штампга ээ.**

**1.4 Ноокен районундагы Раишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруучу орто мектебинин Уставы Жалал – Абад облустук адилет башкармасы тарабынан мамлекеттик каттоодон откондон кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ченемдик актыларына ылайык юридикалык укукка ээ болот.**

**1.5 Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруу орто мектеби мындан ары окуу – тарбия процессин уюштурууда, ишмердуулукторун жургузудо жалпы билим беруучу мекеме катары, «Билим беруу жонундогу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана областык адилет башкармасы тарабынан каттоодон откон ушул Уставды жетекчиликке алат.**

**1.6 Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруу орто мектеби уюмдаштуруучусу: Ноокен райондук билим билим беруу болуму жана мектептин педагогикалык жамааты болуп эсептелет.**

**1.7 Жалпы билим беруучу орто мектептин толук аталышы: Райишбек Алибаев атындагы №3 орто мектеби.**

**1,8 Уюштуруу укуктук формасы: мамлекеттик ачык мекеме.**

**1.9 Ноокен районундагы Райишбек Алибаев атындагы №3 жалпы билим беруу орто мектебинин жайгашкан орду: Жалал – Абад областы, Ноокен району, Масы айыл округу.**

3.5 Жалпы билим берүүчү класстардагы окуучулардын толукталышы билим берүү министирлиги бекиткен ченемдик актыларга ылайык төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:
1-4 класстарда 30 окуучуга чейин:
5-4 класстарда 30 окуучуга чейин:
10-11 класстарда 25 окуучуга чейин:

3.6 Мектепте окуу 1 – сентябрда башталып, 25 – майда бүтөт. Окуу жылы ичиндеги каникулдардын мөөнөтү календардык 30 күндөн, жайындасы 8 жумадан кем болбойт. Каникулдардын мөөнөтөрү төмөнкүдөй:
- күзгү каникул- 8 күн (2 ноябрдан башталат);
- кышкы каникул – 12 күн (31 декабрдан башталат) ;
- жазгы каникул 10 күн (22 марттан башталат)

3.7 Мектепте окуу сабактары жүрүп жатканда окуучуларды айыл – чарба жумушуна тартууга уруксат берилбейт.

3.8 Мектептеги сабактардын узактыгы төмөнкүдөй: 1 класс үчүн 40 минут, 2-11 класстар үчүн 45 минут. Мектеп администрайциясына өз алдынча сабактардын узактыгын өзгөртүүгө уруксат берилбейт.

3.9 Мектептин 9 классын ийгиликтүү аяктаган окуучуларга толук эмес орто билими жөнүндөгү күбөлүк, 11 классты ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөргө орто билими туралуу аттестат берилет.

3.10 Мектептин 9 – 11 класстарын эң жакшы бааларга окуп аяктаган бүтүрүүчүлөргө билим берүү министирлиги бекиткен атайын жобого ылайык билими тууралу артыкчалык документтери жана грамоталары берилет.

3.11 Жалпы билим берүүчү мектеп окуу процессин жүргүзүүдө билим берүү министирлиги бекиткенокуу планы түздөн – түз жетекчиликке алат. Окуу планындагы Республикалык компоненттеги сааттар мектепте милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана өзгөртүүгө жатпайт.

3.12 Жалпы билим берүүчү мектептерде мектеп компонентине бөлүнгөн сааттарды окутууга каражат мамлекеттик бюджет тарабынан ажыратылбагандыгына байланыштуу, кошумча билим берүү кызматтары (тереңдетилген предиметтер, тандоо курстары) окуучулардын жана ата – энелерден суроо – талаптарынын негизинде мектеп тарабынан ишке ашырылышы мүмкүн. Бул багытта ажыратылган сааттар мектеп тарабинан өз алдынча түзүлөт жана аларга акы төлөө Кыргыз Республикасынын Конкуренцияны коргоо жана өнүктүрүү боюнча Улуттук комиссиясы тарабынан аныкталган өлчөм боюнча мектептин киреше булактарынан, ата – энелердин эсебинен жүргүзүлөт.

3.13 Жалпы билим берүүчү мектептин окуу планында көрсөтүлгөн предметтеринин мазмундары мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан белгиленет. Алар негизги жана орто билим берүү программаларынын мазмунун милдеттү минимумун, окуп жаткандардын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн, бүтүрүүчүнү даярлоону деңгелине карата талаптарды, окуп жаткандардын белгилүү бир билим берүү программаларын өздөштүргөнүн ырастаган документтердин формаларын аныктайт. Мамлекеттик стандарттагы окуу программалары жалпы билим берүүчү мектеп үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРУУЧУ МЕКТЕПТИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ.

**Максаттары:**

2.1 Мектеп жашындагы жарандардын акыл-эс, правалык жактан онугуусу, сезимтал жана дене - тузулушунун чын болуусун камсыз кылуу.

2.2 Ан –сезимдуу жарандык позицияга ээ болгон, демократиялык озун-озу башкарууга катышуучу, турмушка жана эмгекке даяр жарандарды тарбиялоо.

2.3 Окуу – тарбия процессин мезгил талабына жараша уюштуруу аркылуу окуучулардын билимге болгон кызыгуусун, чыгармачылык мамилесин калыптандыруу, окуучуларга кесиптик багыт беруу.

**Милдеттери:**

2.4. «Билим беруу жонундогу» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жалпыга милдеттуу акысыз баштапкы билим берууну турмушка ашыруу.

2.5 Жалпыга милдеттуу негизги билимди ишке ашыруу учун билим беруунун жеткиликтуулугун камсыз кылуу жана окуучулардын кызыгууларын, жондомдорун онуктуруу учун максималдуу шарттарды тузуу.

## 3. ОКУУ – ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНИН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА УЮШТУРУЛУШУ.

3.1 Ройишбек Алибаев атындагы №3 орто мектеби мамлекеттик стандарттагы билим берууну турмушка ашыруу менен томонкудой 3 баскычты камтыйт.

1- БАСКЫЧ. (башталгыч билим) 1-4 класстар;
2- БАСКЫЧ. (негизги билим) 5-9 – класстар;
3- БАСКЫЧ (орто билим)10-11 – класстар.

1- БАСКЫЧА – окуучулар окуу ишмердуулугунун зарыл ыктарын жана кондумдорун алышып, окуй алууга, жазууга, саноого уйронушуп, теориялык ой жугуртуунун элементтерине, суйлоонун жана журуш-туруштун маданиятына, жеке гигиенанын негиздерине ээ болушат.

2- БАСКЫЧТА – окуучулар коомдук турмушуна толук баалуу тартууга зарыл болгон жалпы билим беруунун бекем пайдубалын алып чыгышат. Ал окуучулардын инсандыгын, анын шыгын, илмий коз – карашын калыптандырууга жондомун онуктурууну камсыз кылат.

3- БАСКЫЧТА – мектеп окутууну кенен жана терен дифференциялоонун негизинде окуучуларга жалпы билим беру даярдыгын аяктоону жузого ашырат.

3.2 Мектепте окуу озбек, орус тилинде жургузулот.

3.3. Мектептин окуучуларынын контингентин мектеп жайгашкан аймактагы айыл округдар менен биргеликте эсепке алынган мектеп жашындагы 1-класска кабыл алуу, окуучулардын окууга болгон даярдыгы эске алынуу менен 6,7 жаштан жургузулот.

3.4 Жалпы билим беруучу мектептин биринчи баскычын аяктаган окуучулар учун 2 баскычына конкурсусз кабыл алынат.

3.14 Жалпы билим беруучу мектеп Кыргыз Республикасынын билим беруу министрлигинин «Жалпы билим беруучу мектептерди мамлекеттик аттестациядан откоруу» жонундогу атайын бекиткен жобосуна ылайык 5 жылда бир аттестациядан откорулот.

Аттестациялоо Кыргыз Республикасынын билим беруу министрлигинин алдындагы билим беруу мекемелерин лицензиялоо жана аттестациялоо боюнча мамлекеттик инспекциясынын корсотмосуно ылайык райондук билим беруу болумдору тарабынан жургузулот.

3.15 Жалпы билим беруучу мектеп мамлекеттик аттестациядан отконден кийин гана бутуруучу класстардын окуучуларына мамлекеттик улгудогу билими тууралуу документтерди бере алат.

3.16 Жалпы билим беруучу мектепте билим беруу министирлиги бекиткен «Мектептерде окуучуларга экстернат формасында билим беруу» жонундогу жобосунун негизинде экстернат турундо билим берилет. Экстернат формасындагы билим беруу окуучулардын жана алардын ата – энелеринин каалоолору аркылуу гана жургузулот.

**4. Мектептеги окуу процессине катышуучулар.**

4.1 Жалпы билим беруучу мектептин окуу – тарбиялоо процессине туздон – туз катышуучулары болуп мектептин окуучулары, алардын ата – энелери жана аларды окуткан мугалимдер болуп саналат.

4.2 Жалпы билим беруу уюмуна бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана оспурумдордун бардыгы арыздарынын жана аныкталган улгудогу медициналык маалымкаттарынын негиздеринде билим беруунун баардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка толомдорсуз откорулот.

4.3 Мектепте окуучуларды кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата – энелерин (мыйзамдуу окулдорун) озунун уставы жана окуу процессин жонго салуучу башка да жердиктуу документтер менен тааныштырууга милдеттуу.

**Окуучулардын милдеттери:**

- Жалпы билим беруу уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим беруу стандарттарынын талаптарынын денгээлинде жалпы билим беруу программаларын оздоштуруууго;
- КРнын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, жалпы билим беруу уюмунун башка окуучуларын жана кызматкерлеринин кадыр баркын урматтоого;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мамлекеттик символдордун билүуго жана урматтоого;
- Окуучулардын абийир Кодексин милдеттуу турдо аткарууга;
- Сабактарды калтырбоого жана кечикпоого;
- Мектептин кадыр – баркын котоpуу максатында бардык коомдук иштерге активдуу катышууга;
- ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим беруу уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;

- Коомдук жерлерде, мектепте озун маданияттуу алып жүрүүгө;
- Озунун ден соолугу жонундо камкордук коруугo жана мектептин тазалыгын сактоого;
- Класстын, мектептин мулкуно этият, аяр мамиле жасоого;
- Мектептин мугалимдеринин айткандарын аткарууга жана аларды урматтоого;
- Диний экстремисттик агымдарга катышпоого;
- Мектеп жашындагы окуучулар мечиттерге, намаз жумаларга, даваттарга катышпоого;
- Окуучулар мектепте баш кийимсиз жүрүүгө милдеттуу.

Окуучулардын укуктары:
- Мектептин бардык баскычтарында (1,2,3 –баскычта) билим алууга;
- Окутуунун турдуу формаларын пайдаланууга (кундузгу, экстернат);
- Оздорунун калоолору жана ата – энелеринин макулдугунун негизинде кошумча билим беруу (акы толонуучу) кызматтарынан пайдаланууга ;
- КРнын Окмоту жана жергиликтуу озун – озу башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга, акысыз медициналык тейлоодон отууго, жургунчу автоторанспортто жүрүүнүн женилдиктерин пайдаланууга;
- мектептин китепканасынан окуу жана корком адабияттарды бекер алып пайдаланууга;
- Уставда аныкталган таризде жалпы билим беруу уюмун башкарууга катышууга;
- Балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- Окуу – тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш – пикирлерин айтууга;
- Класстан жана мектептен тышкаркы иштерге активду катышууга, оз каалоосу боюнча мектептин айланасын жашылдандырууга;
- Озун же ата энелеринин каалоосу боюнча башка мектепке окуу учун которулууга;
- Инсандык кадыр – баркын урматтоого жана маалымат эркиндигине, озунун жеке коз-карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаган мамлекеттик улгудогу билими жонундо документтерин оз учурунда алууга;

Мугалимдин милдеттери:
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мамлекеттик символдордун билүүгө жана урматтоого;
- Мугалимдин абийир Кодексин милдеттуу турдо аткаруу менен педагогдук этиканын ченемдерин сактоого, мектептин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого;
- Окуучулардын мамлекеттик билим беруу стандарттарынын талаптарынан томон болбогон жүрүм – турумдун, жогорку адеп-ахлактык ченемдерин калыптандырууга;
- Озунун кесиптик денгээлин дайыма оркундотууго жана квалификациясын кеминде 5 жылда бир жолу жогорулатууга;

- Окуп жаткандарга карата куч жана моралдык зомбулук корсотуу усулдарын колдонбоого;
- Озуно бекитилген класстагы мугалимдер ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын терен билим алуусуна, эмгекти суйуусуно, маданияттуу журум- турумга ээ болуусуна жетиштирууго;
- Атеисттик жана диний тарбия бербоого;
- Окуучуларды саясий митинг, демонстрацияларга алып чыкпоого.

Мугаалимдердин укуктары.
- Окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим беруу программаларын, окутуу усулдук комплекттерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын оз алдынча тандоого жана колдонууга;
- Оз аброюн жана кесиптик баркын коргоого, кесиптик ишин жакшыртуу максатында тиешелуу шарттарды талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын билим беруусун мамлекеттик башкаруу борбордук органы аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен озунун кесиптик денгээлин жана квалификациясын жогорулатууга;
- Мектептеги алгачкы апталышты башкаруу органдарынын мучолугуно же жетекчилигине шайланууга жана шайлоого;
- алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды жузого ашырууга ;
- Мамлекеттик билим беруу стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринд автордук жалпы билим беруу программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- Окуу тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын, пикирлерин педкенешмеде, мектеп администрациясына айтууга;
- Озгочо синирген эмгек учун Ардак грамоталар, «Билим беруунун отличниги» тош белгиси, орден, медалдар менен сыйланууга;
- КРнын мыйзамдары жана жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерди, женилдиктерди алууга.

Ата- энелердин милдеттери.
- Балдардын саламаттыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнун жетилишин, уй – булодо адеп – ахлактык жактан калыптанышын камсыз кылуучу тиричилик жана окуу шарттарын тузууго;
- Балдарды мектепке жайгаштырууга жана алардын жакшы окуусуна кепил болууга ;
- Мектептин уставын талаптарын аткарууга;
- Баланын окуудагы жетишкендиктери жана журуш турушу менен мезгил – мезгили менен таанышып турууга ата – энелердин чогулушуна катышып турууга;
- Балдардын мектеп эмеректерин, окуу куралдарын жана башка мулкторун иштен чыгаргандыгы учун жооп берет аларды калыбына келтирет;
- Балдарына окуучулар учун атайын кийим – кечектерди (Кыргыз Республикасынын министирлиги тарабынан бекитилген бирдиктуу форманы кийгизууго, окуу куралдары менен) камсыз кылууга тийиш;
- Мектеп жашындагы балдарын намаз жумаларга, мечиттерге, даваттарга жибербейт, мажбурлабайт.

- Балдардын эмгегин пайдаланбайт, окуусуна жолтоо болбойт.
- Жалпы билим беруу уюмунун уставындагы озулорунун укуктарын жана милдеттерин аткарууга, балдарынын тарбиясына жана балдары жалпы билим беруу уюмдарына зыян келтирген учурда КРнын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп беруугo милдеттуу.

Ата- энелердин укуктары:
- Окутуунун формасын, турун эркин тандап алууга;
- Мамлекеттик билим беруу стандарттарынын алкагында окуп жаткандардын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- Ата-энелердин класстык жана мектептик чогулуштарында, педагогикалык кенешмелерде окуу – тарбия иштерин жакшыртуу багыттарында жекече сунуштарды пикирлерди айтууга;
- Ата-энелердин мектептеги башкаруу органдарынын жетекчилигине шайланууга жана аларды шайлоого;
- Билим берууну мамлекеттик башкаруунун региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга;
- Мектепти материалдык жана моралдык жактан колдоо максатында демоорчулук жардамдарды беруугo, максаттуу жардамдарды уюштурууга укуктуу.

5. Мектепти башкаруу.

5.1 Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын «билим беру жонундогу мыйзамынын», «Жалпы билим беруу уюму жонундогу типтуу» жобону, мемлекеттик каттоодон откон уставдын негизиде жургузулот.

5.2 Жалпы билим беруучу мектеп окуу – тарбия иштерин жургузуудо райондук билим беруу болумуно, облустук усулдук борборунун, билим беруу министирлигинин буйруктарын, корсотмолорун милдеттуу турдо аткарат жана жетекчиликке алат.

5.3 Жалпы билим беруучу мектептин директору мектепке туздон – туз жетекчилик кылуу менен бирге томонкулорго укуктуу.
- Билим беруу министирлигинин №371 (26.07.2001жыл) буйругу менен бекитилген мектеп директорунун кызматтык милдеттерин милдеттуу турдо аткарууга;
- КРнын конституциясынын, КРнын «Билим беруу жонундо», «Мугалимдердин статусу жонундогу» мыйзамынын, жалпы орто билим жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап ишке ашырат.
- Билим берууну мамлекеттик башкарууну тийиштуу региондук органдын маакулдугу боюнча педагогикалык кенеш менен бирдикте жалпы билим беруу уюмунун негизги онугуу багыттарын аныктап, ишке ашырат;
- Окуу – тарбия иштерин пландаштырат, уюштурат жана алардын аткарылышын козомолдойт:
- Эмгек кодексинин негизинде мугалимдерди жана тейлоочу кызматкерлерди жумушка тандап алат, бошотот;
- Билим беруу болуму менен маакулдашуусунун негизиден орун басарларынын дайындайт аларды функциянaлдык милдеттерин аныктайт, иштерин козомолдойт;

- жалпы мугалимдер жана окуучулар учун буйруктарды чыкарат, корсотмолорду берет;
- Педагогикалык кенешменин ишин жетектейт, методикалык бирикмелерди жетекчилерин, педагогикалык кенешменин катчысын дайындайт;
- Мугалимдерге окуу жуктомдорун баштапкы прафсоюз камитети менен макулдашып болуштурот;
- Мектептин окуу – тарбия иштерин жакшыртуу жана материалдык-техникалык базасын чындоо максатында койгойлуу маселелерди чечуу учун тийиштейт, инстанцияларга кыйрылат;
- Класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучуларды тарбиялоо ишин камсыздайт жана козомолдойт;
- Балалыкты коргоо жашы жетпегендердин укуктарын, кызыкчылыктарын сактоо жана таланттарды козомолдойт жана сактайт
- Мугалимдерди дастыктарын жогорулатууга жана аларды кесиптик осушуно пландарды тузот ошондой эле аларды аттестациясынын откорот;
- Жалпы билим беруу уюмунун каржылык – чарбачылык ишин жетектейт жана козомолдойт;
- имиграттардын, инвестициялардын, ата-энелердин оз эрки менен тапшырган тогумдорун, анын ичинде кошумча билим беруу кызматынан тушкон кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну козомолдойт, жекече турдо жооп берет;
- Жалпы билим беруу уюмунан материалдык техникалык базасынын эсепке алуу сактоо техникалык коопсуздугун, санитардык тазалык режимини сактоо, окуучулардын, кызматкерлердин эмгегин коргоо учун жооптуу болот жана алар учун жооп тартат;
- Мектептин директору озунун кызматтык милдетин аткарылышы боюнча жалпы педагогтордун катышуусу менен баштапкы профсоюз уюмунун ондуруштук чогулушунда эки жолу отчет берет.
- Мектептин директору ата-энелердин, коомчулуктун жана озунон жогорку турган жетекчи органдардын алдында уставдын талаптарын жана кызматтык милдеттеринин аткарылышы боюнча жекече жооп берет.
- Жалпы билим беруу уюмунда тен башкаруунун таризлери болуп, жалпы чогулуш, педагогикалык кенеш, камкордук кенеш ата – энелер комитети окуучулардын оз алдынча башкаруулары жана башка кенештер эсептелинет.

**6. Мектептин мулку ондуруштук жана чарбалык иштер.**

6.1 Мектептин имараты, мулктору жана окутуунун техникалык каражаттары мектептин менчиги болуп эсептелет. Аларды сактоо, ремонт иштерин жургузуу, толуктоо жургузуу боюнча жоопкерчилик мектепке жуктолот.

6.2 Жалпы билим беруучу мектептин окуу планы толук турдо мамлекет тарабынан каржыланат.

6.3 Мектептеги мугалимдердин эмгек акылары, окуучулардын ар бирини, класс комплектини жана тобуна эсептелген типтуу ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жузуно жумшалуучу чыгымдарды ыраакттуу кобойтуу аркылуу жузого ашырылат.

6.4 Мектептеги билим берууну каржылоону булактары болуп томонкулор саналат:
- Республикалык жана жергиликтуу бюджет
- Уюмдаштыруучунун, жеке юридикалык жактардын, чет мамлекеттерден жана башка жарандардын каражаттарын, алардын ыктыярдуу соопчулук, максатту тогумдорунун каражаттары;
-чарбалык – ондуруштук жана сода туйундорун ачуу, оздук чарба тузуу, юридикалык укукка ээ болгон чакан ишкана тузуу, акы толоочуу кошумча билим беруу кызматарын уюштуруу.
- билим берууну колдоочу фонтторду тузуу;
- Кыргыз Республикасынын майзамдарынын талаптарына карама – каршы келбеген жана башка булактары болуп эсептелет.

7. Камкорчулук кенеши
Мамлекеттик билим беруу уюмунун камкорчулук кенеши оз ишинин мамлекеттик билим беруу уюмунун уставдык максаттарына жетуусу, ошондой эле кошумча (Буджеттен тышкары) каражаттарды тартуусу учун жузого ашырат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын майзамдарына карама –каршы келбеген булактардан алынган акча каражаттарынын анын ичинде бюджеттен тышкары акча каражаттарынын чыгымдалышын кантролдоону жузого ашырат

8. Эл аралык кызматташтык
Жалпы билим беруу уюму Кыргыз Республикасынын майзамдарында аныкталган тартипте чет олколук ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен туз байланыш тузууго жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

9. Жалпы билим беруучу мектептин ишмердуулугун кайра уюштуруу жана жоюу.
8.1 Мектептин ишмердигин Кыргыз Республикасынын майзамдарында белгиленген тартибте кайра уюшулат же жоюлат;
8.2 Окуу жылынын аягында жалпы билим беруу уюму жоюлса же озгортуп уюштурулса, билим берууну мамлекеттик башкаруунун тийиштуу региондук органы окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу окулдору) менен макулдашып, аларды башка жалпы билим беруу уюмдарына которуу боюнча жоопкерчилигин озуно алат.
8.3 Жалпы билим беруу уюмунун жоюлушу, озгортуп уйуштурулушу КРнын жарандык кодексинде жана КРнын «Юридикалык жактарды, филиалдарды» (окулдукторду) «мамлекеттик катто жонундогу» мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.
8.4 Мектепти уставына озгортуулорду киргизу жана кабыл алуу иштери мектептин жалпы педагогикалык кенешмесинин чечими менен жургузулот.

Устав мектептин жалпы педагогикалык кенешмесинин
«2» май 2012 жылдын
№ 66 чечиминин негизинде кабыл алынды.

Жалал-Абад областтын юс и ж.
б шкармасы
2012 21 май
199 ж.
Юридикалык жак мамлекеттик каттоодан
кайра өткөрүлдү № ГПЮ 001948 күбөлүк
Алгачкы катталган күнү 199 ж.
25 сентябрь 2003
Управление юстиции Жалал-Абадской
области
Произведена государственная перерегист-
рация юридического лица
21 май 2012 199 г.
Свидетельство № ГПЮ 001948
Дата первичной регистрации
25 сентябрь 2003

Жалал-Абад областтык юстиция башкармасы
Министерство юстиции Кыргызской Республики
Жалпы бөлүм
Общий отдел

Жалал-Абад областтык юстиции
башкармасы
Номерленген, тигилген жана мөөр
басылганы бардыгы 10/он барак
2012 29 май
199 ж.
Управление юстиции Жалал-
Абадской области
Всего пронумеровано, прошнуровано
и скреплено печатью на 10
29 май 2012

Приложение

Форма 1

СОГЛАСОВАНО:

______________________________

(наименование районного /городского отдела образования)

«____»__________2017г

Регистрационный №__________

Учебный план на 2017/2018 учебный год сш № 3 им. Р. Алибаева

(наименование общеобразовательной организации)

Узб. класс

| № | Наименование предметов | 1-кл | 2- кл. | 3 -кл. | 4- кл. | 5 -кл | 6-кл. | 7-кл. | 8-кл. | 9-кл. | 10- кл. | 11- кл. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 к | 1 к | | | | 1 к | 1 к | 1 к | 2 к | 1 к | 1 к |
| 1 | Озбек тили | 5 | 6 | | | | 4 | 3 | 3 | 4 | 2 | 2 |
| 2 | Кыргыз тили | 2 | 2 | | | | 3 | 2 | 2 | 6 | 3 | 3 |
| 3 | Орус тили | 0/2 | 2 | | | | 2 | 2 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| 4 | Чет тили | | | | | | 2 | 2 | 2 | 4 | 2 | 2 |
| 5 | Математика | 4 | 5 | | | | 4 | 4 | 4 | 8 | 4 | 4 |
| 6 | Мекен таануу | 1 | 1 | | | | | | | | | |
| 7 | Табият таануу | | | | | | | | | | | |
| 8 | Биология | | | | | | 2 | 1 | 2 | 4 | 1 | 1 |
| 9 | Химия | | | | | | | | 2 | 4 | 2 | 2 |
| 10 | Физика | | | | | | | 2 | 2 | 6 | 3 | 3 |
| 11 | Астрономия | | | | | | | | | | | 1 |
| 12 | География | | | | | | 1 | 2 | 2 | 4 | 1 | 1 |
| 13 | Озбек адибияты | | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| 14 | Кыргыз адабияты | | | | | | 1 | 1 | 1 | 4 | 1 | 1 |
| 15 | Орус адабияты | | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| 16 | Музыка | 1 | 1 | | | | 1 | 1 | | | | |
| 17 | Көркөм өнөр | 1 | 1 | | | | 1 | 1 | | | | |
| 18 | Кыргызстан тырыхы | | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| 19 | Дүйнө тарыхы | | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 |
| 20 | Адам жана коом/Адеп/Эканомикага киришүү | | | | | | | | | 2 | 1 | 1 |
| 21 | Адеп | 1 | 1 | | | | 1 | 1 | 1 | | | |
| 22 | Дене тардиясы | 2 | 2 | | | | 2 | 2 | 2 | 4 | 2 | 2 |
| 23 | Аскерге чейин даярдоо | | | | | | | | | | 2 | 2 |
| 24 | Турмуш –тиричилик коопсуздугунун негиздери | 1 | 1 | | | | | | | | | |
| 25 | Чийүү/Эмгек үйрөтүү | | | | | | | | 1 | 2 | | |
| 26 | Информатика | | | | | | | 1 | 1 | 2 | | |
| 27 | Эмгекке үйрөтүү | | | | | | 1 | 1 | | | | |
| 28 | Бардыгы | 18/20 | 22 | | | | 29 | 30 | 30 | 64 | 29 | 30 |
| 29 | Жылдык | 594/660 | 748 | | | | 986 | 1020 | 1020 | 2176 | 986 | 1020 |
| 30 | Эмгек тажрыйбасы | | | | | | 6 | 6 | 10 | | 12 | |

Учебный план на 2017/2018 учебный год сш № 3 им. Р. Алибаева

(наименование общеобразовательной организации)

принят на основании Базисного учебного плана общеобразовательной организации ,утвержденного приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики от «23» «08» 2017 г № 1110/1

Директор общеобразовательной организации ______________

(подпись и печать)

Приложение

Форма 1

СОГЛАСОВАНО:

______________________

(наименование районного /городского отдела образования)

«______»____________2017г

Регистрационный №__________

Учебный план на 2017/2018 учебный год сш №:3 им. Р. Алибаева

(наименование общеобразовательной организации)

Орус.класс

| № | Наименование предметов | 1-кл. | 2 -кл. | 3- кл. | 4- кл. | 5 -кл. | 6- кл. | 7 -кл. | 8- кл. | 9- кл. | 10- кл. | 11 -кл. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2 кл | 2 кл | 2 кл | 2 кл | 1 кл | 1 кл | 2 кл | 1 кл | 1 кл | 1 кл | |
| 1 | Русский язык | 12 | 14 | 14 | 14 | 5 | 5 | 8 | 3 | 2 | 1 | |
| 2 | Кыргызский язык | 6 | 6 | 6 | 6 | 3 | 3 | 6 | 3 | 3 | 3 | |
| 3 | Иностранный язык | | | 4 | 4 | 5 | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 | |
| 4 | Математика | 8 | 10 | 10 | 12 | 4 | 4 | 8 | 4 | 4 | 4 | |
| 5 | Родиноведение | 2 | 2 | 2 | 2 | | | | | | | |
| 6 | Естествознание | | | | | 1 | | | | | | |
| 7 | Биология | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | |
| 8 | Химия | | | | | | | | 2 | 2 | 2 | |
| 9 | Физика | | | | | | | 4 | 2 | 3 | 3 | |
| 10 | Астрономия | | | | | | | | | | | |
| 11 | География | | | | | | 2 | 4 | 2 | 2 | 1 | |
| 12 | Русская литература | | | | | 2 | 2 | 4 | 2 | 3 | 4 | |
| 13 | Кыргызская литература | | | | | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 | 1 | |
| 14 | Музыка | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | | | | |
| 15 | Изобразительно-художественное творчество | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | | | | |
| 16 | История Кыргызстана | | | | | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 | 1 | |
| 17 | Мировая история | | | | | | 1 | 2 | 1 | 1 | 1 | |
| 18 | Человек и общество/Введение в экономику | | | | | | | | | 1 | 1 | |
| 19 | Этика | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | | | | |
| 20 | Физическое воспитание | 4 | 4 | 4 | 4 | 2 | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 | |
| 21 | Допризывная подготовка | | | | | | | | | | 2 | |
| 22 | Основы безопасности жизнедеятельности | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | | | | | | |
| 23 | Трудовое обучение /Черчение | | | | | | | | 1 | 1 | | |
| 24 | Информатика | | | | | | | 2 | 2 | 2 | | |
| 25 | Трудовое обучение | | | | | 1 | 1 | 2 | | | | |
| 26 | Итого | 40 | 44 | 48 | 50 | 29 | 29 | 60 | 30 | 32 | 29 | |
| 27 | Годовой | 1320 | 1496 | 1632 | 1700 | 986 | 986 | 2040 | 1020 | 1088 | 986 | |
| 28 | Трудовая практика | | | | | 6 | 6 | 12 | 10 | | 12 | |

Учебный план на 2017/2018 учебный год сш №:3 им. Р. Алибаева

(наименование общеобразовательной организации)

принят на основании Базисного учебного плана общеобразовательной организации ,утвержденного приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики от « 23 » « 08 » 2017 г .№ 1110/1

Директор общеобразовательной организации ______________

(подпись и печать)